УДК811.512.1.(575.2.)(04)

ТабалдиеваА.Б.

Ж.Баласагын ат. КУУ

ЭНЕСАЙ ЖАНА КЫРГЫЗСТАН АЙМАГЫНАН ТАБЫЛГАН ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРДИН ИЗИЛДЕНИШИ

Энесай эстеликтери алгач Энесайдын жээктеринен, Тувадан, Хакастан жана Миң-Суу ойдуңунан табылган. Аска зоока беттеринен тышкары тегерек жана сүйрү формасындагы эстеликтер жерге да көмүлгөн. Ал тургай, Энесай жазуулары тыйындарга, металлдарга, алтын–күмүш буюмдарына да оюлуп-чегерилип түшүрүлгөн.

Жазуу белгилери боюнча Якутия жана Монголиядан табылган айрым эстеликтер Энесай жазууларына жакындап кетет. Жазуунун таралган борбору катары байыркы кыргыздар мекендеген жерди белгилешет (1, 1959, 12-бет).

Энесай эстеликтери А.Н.Кононовдун белгилөөсүндө 85ке жакын, ал эми Г.Айдаровдун белгилөөсүнө таянсак, 120 эстеликти түзөт. Бүгүнкү күндө жалпы саны 145ти түзөт. Аталган жазуулар тарыхый жана филологиялык аспектиде улуу окумуштуу С.Е.Малов тарабынан «Энесай түрк жазмалары» (1952), «Монголиядан жана Кыргызстандан табылган түрк жазма эстеликтери» (1959) эмгегинде кеңири изилденип, тексттердин транскрипциясы, транслитерациясы жана орус тилинде котормосу берилген. Ушуну менен катар лингвистикалык мүнөздө окумуштуу И.А.Батманов дагы энесай тексттерине изилдөө жүргүзүп, «Энесай эстеликтеринин тили» деген эмгеги 1959-жылы жарык көргөн.

Рун жазуулары Кыргызстандан жана ага жакын аймактардан да табылган. 1896-жылы кышында Олуя-Ата уезд начальниги В.А.Каллаур иликтеп отуруп, азыркы Талас районундагы Дмитриевка кыштагына жакын жердеги Айыртам-Ойдон рун жазуусундагы таш эстелик тапкан. Кийин таштагы бул жазуу туркстандык археология коомунун суроосу боюнча Олуя-Ата (азыркы Жамбул) шаарына жеткирилген; жазуунун көчүрмөсү Петербург шаарына жөнөтүлүп, эстеликтеги жазуу орхондук 17 тамгадан тургандыгы 1897-жылы П.М.Мелиоранский тарабынан белгиленген. Жазууну академик В.В.Радлов окуп чыгат жана аны немец тилине которуп чыгат. Таластан табылган эстеликтердеги тамгалардын кээ бирөө жазылыш түрү боюнча Энесай жазуусундагы тамгаларга окшош. Энесай–Орхон тибиндеги жазуунун Кыргызстандан да табылышы жана тамгаларынын окшоштугу бул эки аймакта байыркы жашаган элдердин карым-катнашынын бардыгы, тектештиги, маданиятынын жалпылыгы жөнүндө күбөлөндүрө турган тарыхый документ катарында окумуштуулар чөйрөсүнө аябай кызыгууну туудурган. Ошондуктан окумуштуулар жогоркудай типтеги таш жазууларына жергиликтүү элдердин кабардар боло жүрүшүн сурашкан.

Туркстандык археологиялык коомунун мүчөлөрүнүн өтүнүчү боюнча В.А.Каллаур рун жазуусу табылган жерди дагы толугураак карап чыгууга киришкен. Жазуулардын таралышы жөнүндөгү кээ бир маалыматтарды алгандан кийин, 1897-жылы 4-июнда В.А.Каллаур мугалим Гастен менен Дмитриевка кыштагынын түндүк жагындагы Терек-Сай капчыгайындагы аскадан жогортон төмөн жазылган 38 сап уйгур, ушул аскадан дагы орхон жазуусуна окшогон 8-9 тамганы көрүшүп, аны көчүрүп алышкан. Ошол жылдын сентябрь айында бул жазуулар В.А.Каллаурдун тапшыруусу боюнча Бекчуров жана М.Файызрахманов

тарабынан экинчи жолу да көчүрүлгөн. Каллаур тапкан бул жазуулар уйгур жазуусу экендигин, андан В.В.Радлов бир канча адам аттарын окуп чыккандыгын, кийин В.Р.Розен түркстандык археология коомунун мүчөлөрүнө билдирген.

Мурдагы табылган эстеликтерден башка Айыртам-Ойдо жазылган таштын бар экендиги тууралуу 1898-жылы январь айында кабардар болот да, кийин В.А.Каллаур аталган территорияга келип, алардын да көчүрмөсүн алат. Ушундан бир күн өткөн соң, бул аймакка Г.И.Гейкель баштаган фин-угордук археологиялык экспедиция келген. Бирок булардан бир күн мурун В.А.Каллаур өзү тапкан жаңы табылгалары жөнүндөгү маалыматтарды жазуунун көчүрмөсү менен бирге Ташкентке жөнөтүп жиберген. Жазуунун бул көчүрмөсү П.М.Мелиоранский тарабынан окулган. Ушундан кийин Айыртам-Ойдон рун тибиндеги үч жазуунун табылгандыгы дуйнөгө белгилүү болгон.

Дмитриевка кыштагына келген финн экспедициясы ишти уланта беришкен. Алар өздөрү келгенге чейинки табылган таш жазуулардын эсебин алуу менен чектелишпеген; Дмитриевка кыштагындагы мүрзөлөрдөн рун жазуусу бар дагы эки ташты табышкан, Петербургдук археологиялык комиссиянын уруксаты боюнча экспедициянын мүчөлөрү рун жазуусу бар бир ташты Финляндияга кошо ала кетишкен.

Ушундан кийин рун жазууларын Кыргызстандан издөө иши бир канча мезгилге чейин токтолуп калган. Бул иш Октябрь революциясынан кийин гана кайрадан жандандырылган.

1925-жылы мурда белгилүү болгон эстелик Таластан экинчи жолу дагы табылган. Мындан кийин 1927-жылы жай айында Ысык-Көлдүн суусу тартылганда, Кой-Сарыдан рун жана араб жазуусу бар бир таш табылган (2, 1957, 78-80-бет).

1930-жылдары М.Е.Массон жана башкалар тарабынан Талас өрөөнүндө Терек-Сайдан аскага жазылган рун жазуусунун бир канча сабы табылган. Бул жазуунун көчүрмөлөрү В.В. Бартольд менен С.Е.Маловго жиберилген.

Орто Азиялык геологиялык экспедициянын мүчөлөрү 1932-жылы Талас өрөөнүндөгү Ачык-Ташты казганда 5 метр терендиктен рун жазуусу бар таякча табышкан. Бул факт байыркы түрк жазуусун Орто-Азиядагы элдер күндөлүк турмушунда кеңири колдонгондугу жөнүндөгү биринчи документ болуп эсептелет. Бул таякчадан бөлөк жыгачка жазылган рун жазуусу азырынча бул аймакта табыла элек.

В.Томсен рун жазуусун оюп жазуу үчүн түрктөрдөгү эң ыңгайлуу материал-жыгач, бирок мындай материал бизге чейин жеткен эмес дейт. Эгерде 1933-жылы ноябрь айында СССР Илимдер Академиясынын экспедициясы тарабынан Хайдарабаддан табылган согд жазуусу бар 23 таякты эске алсак, орто-азиялык түрктөрдө эле эмес, жергиликтүү согдилерде да жазуу үчүн күндөлүк турмушта кеңири таралган материал болуп жыгач эсептелиниши керек, - дейт М.Е.Массон (3,1936).

Чындыгында эле рун жазуусун оюп жазуу үчүн жыгач ыңгайлуу материал. Ошондуктан жыгачка жазылган жазуу рун жазууларынын алгачкы мезгилдеринен болушу мүмкүн. Бирок жыгачка жазылган көп убакытка чейин сакталбастыгы аныкталгандан кийин, анын ордуна ташка жазуу колдонулуп калган болуу керек.

Рун жазуулары таш менен жыгачтан башка металл менен топурактан

жасалган үй буюмдарына да жазылган. Алтайдан, Хакасиядан, Тувадан, Бурятиядан, Венгриядан учурайт, булардан башка Кыргызстандын Талас менен Чүй өрөөнүнөн энесай тибиндеги жазуусу бар түргөштүк тыйындар табылган (4, 1948, 110-бет).

Рун жазуусунун кагазга жазылган түрү 1914-1918-жылдары археологдор тарабынан чыгыш Түркстандан табылган.

1932-жылкы табылган таякчадан кийин, 1960-жылга чейин Кыргызстандын территориясына рун жазуусун издөө токтолуп калган эле. 1961-жылы Кыргыз Илимдер Академиясынын Тарых институтунун П.Н.Кожемяко жетекчилик кылган отряды Талас районуна археологиялык изилдөө жүргүзгөн.

Археологиялык иштин мезгилинде Н.Н.Кожемяко Айыр-Там өрөөнүндөгү Кырк-Казык кыштагынан рун жазуусу менен жазылган таш тапкан (5, "Советская Киргизия ", №244, 15-октябрь, 1961-ж.).

Бул табылгадан кийин Талас өрөөнүнүн рун жазуусун издөө иши кайрадан улантылган. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тарых институту менен Тил жана адабият институтунун кызматкерлеринен Д.Ф.Виник, Ү.Асаналиев, Ч.Жумагулов атайын экспедициялык отряд П.Н. Кожемяко тапкан көп алыс эмес жерден жазуусу бар дагы төрт таш тапкан; үчөө башта белгисиз болгон. Археологиялык жазуу жүргүзгөндө бул таштар турган жер караханиддер доорундагы кандайдыр бир шаардын калдыгы экендиги аныкталган. Археологиялык материалдар изилдөөчүлөрдү рун жазуусу бар таштар шаар курулганга чейин эле бул жерде болгон деген кортундуга алып келген (6, 1962, 10-бет).

Таластан жаңы табылган рун жазуулары жөнүндөгү маалыматтар да ушу эмгектен алынды. Кийинки кезде Кыргызстандан жаны табылган рун жазуулары жөнүндөгү кыскача маалымат Ч. Жумагулов түзгөн эпиграфикада берилген (7, 7-8 бет).

Кыргыз Илимдер Академиясынын Тарых институту уюштурган археологиялык экспедициясы 1961-жылы Баткен районундагы Ак-Тепени казган учурда рун жазуусу бар кумара табылган (8,1961,12-бет).

1961-жылы Кыргызстандын түндүк жана түштүк райондорунан жаңы табылган рун тибиндеги төрт эстеликтин тексти проф. И.А.Батманов тарабынан окулган .

Рун жазуусу бар таштардын жаңыдан табылышы – отуз жылга жакын убакыттан кийинки кайрадан башталган издөөнүн натыйжасы болгон. Ошондуктан Кыргызстанда аталган территориялардан сырткары жерлерде рун жазуусу бар башка да таштардын табылып калышы толук ыктымал деген ой туулган.

Энесай–Орхон тибиндеги жазуу Сибирь менен Кыргызстандын территориясынан башка жерлерден да табылган. Геолог Летников 1935-жылы Алма-Ата областынын Сасык-Бастау деген жеринен Энесай жазуусу бар жез күзгү тапкан. Мындан башка 1964-жылы Түштүк Казакстандын Жабаглы-Су деген жеринен (Талас Ала-Тоонун бир тармагы), Чагар-Моголдон, геолог И.И.Халтурина да ташка жазылган рун жазуусун тапкан, бирок начар жазылгандыктан, окууга мүмкүн болбогон (9, 1958, 67-70-бет).

1934-жылы экспедициянын мүчөлөрү тарабынан Муг тоосундагы Согд

сепилинен (Тажикстан) Энесай алфавити менен териге жазылган түрк тилиндеги кол жазма табылган (10, 1962, 22-бет).

1951-жылы экспедициянын мүчөлөрү аркылуу Ферганадан (Өзбекстандан) рун жазуусу бар карапанын сыныгы табылган. Ферганадан мындан башка да руникалык текст табылган. Бул жөнүндө проф. М.Е.Массон А.Н.Бернштамга билдирген. Академик Исфарадан 9 км алыстыктагы Кызыл-Пиала деген жерден руникалык жазуусу бар чоң карапа идиштин сыныгы табылгандыгын да айткан. Бул эстелик азыр Ташкент университетинде сакталат (11, 1951, 65-75-бет). Булар менен бирге А.Н.Бернштам тажик археологдору аркылуу 1951-жылы Исфара өрөөнүнөн рун жазуусу бар чоң карапа идиштин дагы табылгандыгын айтат. 1953-жылы март айындагы катында Е.А.Давыдович бул эстелик табылган жерден Кала-и-Боло сепилинен рун жазуусу бар дагы эки карапа идиш табылгандыгын А.Н. Бернштамга билдирген.

Энесай–Орхон алфавити үй буюмдарына жазылган майда тексттер мурдагы ССРдин европа бөлүгүнөн бирди-жарым кездешет. 1884-жылы 6-июнда Вятский губерниясынан сабында рун жазуусу бар идиш табылган. Бул жазууну П.Мелиоранский окуп чыккан.

Ушу сыяктуу эстелик 1909-жылы Тихая Сосна суусунда Дон дарыясына куйган жериндеги эски Маяцкий шаарынын калдыгын казганда да табылган. Бул территориялардан табылган эстеликтер Энесай–Орхон алфавитинен кээ бир тамгалардын тартылышы жагынан бир аз айырмаланган, бирок Новочеркасский музейинде сакталуучу көөкөрдөгү жазуу менен Маяцкийден табылган жазуу бири-бирине өтө окшош. Бул жазуу түрк тилинде экендиги А.М.Үербак окуп чыкканда белгилүү болду. Аталган эстеликтер мурунку убакта түрк уурулары жашаган территориялардан табылгандактан жана алардагы сөздөр да түшүнүктүү болгондуктан, эстелик түрк тилдеринин бирөөндө жазылган деген корутундуга келишкен (12,1954, 269-282-бет).

Дагы жазуунун тамгалары Таластагы эстеликтердин тамгасы менен окшош. Жазууну проф. Ю.Немет окуп чыгып, X кылымдын башындагы печенегдерге таандык деп эсептеген (13,1958, 59-61-бет).

Кийинки кезде Кыргызстан, Өзбекстан жана Венгриядан табылган эстеликтер жөнүндөгү маалымат И.А.Батманов ж.б. автордугу астында чыккан “Современная древняя Енисейка” деген эмгекте да берилген.

1955-жылы Д.Чаллан да XI кылымдагы печенегдерге жана XIII кылымдагы половецтерге тиешелүү болгон рун тибиндеги эстеликтерди жарыялаган (13, 1958, 59-61-бет).

1934-жылы Венгер археологдору Дуна-Тусадагы аварлардын көрүстөнүн казганда, андан Энесай-Орхон тибиндеги рун жазуусу бар ийне салчу кутучаны табышкан. Окумуштуулар аварлардын (Күл-Тегиндин эстелигин араб, мусулман адабияттарында авар, түркчө парамурм) түрк тилинде сүйлөшкөнүнө шек жок эсептешкен (13,1958,59-бет).

Энесай–Орхон тибиндеги рун жазуусунун территория жагынан кеңири таралгандыгын кыскача обзордон көрүүгө болот (Сан жагынан да бир кыйла бар: профессор И.А. Батмановдун эсеби боюнча Тува, Хакасия, Алтай, Кыргызстандагы эстеликтердин өзү эле 120 га жакын). Азыркы Монгол Эл Республикасы, Бурятия, Тува, Хакасиядан, Алтайдан тартып, Казакстан (Сасык-Бастау, Уржар району), Кыргызстандын түндүгү (Ысык-Көл, Чүй, Талас) менен

түштүгүнө (Баткен району жана буга жакын турган Өзбекстан менен Тажикстандын айрым райондоруна чейин тараган. Мындан тышкары, бул типтеги жазуу мурдагы Советтер Союзунун европа бөлүгүнөн Дон суусунун районуна, түндүк Кавказга жана Венгрияга чейин жеткен. Жер шаарынын аталган бөлүктөрүнө тараган эстеликтердеги тексттер рун жазуусу аркылуу түрк тилинде жазылган. Бул эстеликтер бир убактарда азыркы түрк элдеринин ата-бабалары ушул территорияларда жашагандыгын айгинелөөчү тарыхый документ болуп эсептелет. Ушуну менен бирге жазуунун территория боюнча кеңири таралышынын өзү бул жазуудан бир эмес, бир канча түрк элдери пайдалангандыгын да көрсөтөт. Байыркы түрктөрдө рун жазуусунун бардыгы өзүнүн убагында алардын маданиятынын жогору экендигинин белгиси болуп эсептелет. Бирок Энесай–Орхон тибиндеги жазуунун колдонулушу мезгил жагынан анчалык узак болбогон. Жазуунун бул түрү болжол менен алганда V-XII, кала берсе XIII кылымга чейин колдонулган (13, 1958, 59-бет.)

Рун жазуусу менен жазылган текстти окуп чыгышкандан кийин В.Томсен менен В.В.Радлов жазуу көбүнчө байыркы убактагы кыргыздардын территориясынан табылгандыктан, Энесай рун жазуусун кыргыздарга таандык деп болжолдошкон.

Энесай жазуусун кыргыздар колдонгондугу тарыхка жакын күмөн туудурбай турган аракет. Энесай–Орхон тибиндеги рун жазуусунун кеңири аймактардан табылышы жана кээ эстеликтерде диалектилик өзгөчөлүктөрдүн болгондугу бул жазуу кыргыздан башка дагы түрк уурулары (уйгур, огуз, кыпчак-печенегдер) пайдаланышкандыгын көрсөтөт. Түрк уурулары байыркы мекенинен башка жакка которулганда, рун жазуусун өздөрү менен ала келишип, алгачкы мезгилде жайланышкан жеринде да колдонушкан. Бирок кийинчерээк ар кыл тарыхый жагдайлардан улам жазуунун бул түрү унутулуп кеткен.

Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов: “Энесай менен Туванын ортосунан табылган кыргыз элине жана тилине тиешелүү 120 таш эстеликтери бүткүл окумуштуулар үчүн чоң ийгилик болду. Таластын чыгыш жагындагы Айыртам-Ойдон табылган руникалык эстеликтердин ар бир тамгасынын артында эл эсинен аз жерден чыгып кала жаздаган элибиздин бүтүндөй бир тарыхый доору камтылып турат”, - деп өз тарыхын туура белгилеп көрсөткөн(14, 2001, 293-бет).

Энесай жазма эстеликтеринин (Талас эстеликтери сыяктуу эле) жазылып калтырылган мезгили так көрсөтүлбөгөн. Окумуштуулар бул жазманы ар түрдүү кылым менен байланыштырып карашат. Энесай жазууларын байыркы эстелик катары В.В.Радлов VII кылымдын башы деп караса, П.М.Мелиоранский орхон жазууларына салыштырмалуу энесай жазууларын эң байыркы жазуу катары мүнөздөп, VI-VII кылымдын эстелиги экендигинде шек жок дейт. Ал эми С.Е.Малов V-VII кылым деп белгилейт. А.Р. Кызласов тамгалык белгилерди типологиялык мүнөздө анализге алып, Энесай эстеликтери IX кылымдын экинчи жарымы-X кылымга таандык деп эсептейт (15,1980, 19-бет).

Азыркы учурда аталган жазма эстеликтер Кызыл, Минусун, Абакан жана Красноярск музейлеринде, Москвадагы тарых музейинде, Хельсинки шаарындагы Улуттук музейде, Ленинграддагы антропология жана этнография музейлеринде сакталып турат (16, 1970, 112-бет). Энесай эстеликтерин жыйноодо жана аны сактоодо Минусин музейинин ролу орчундуу орунда турат.

В.В.Радлов экспедициясынын материалдарын жана В.А.Ошурковдун

эстампаждарынын негизинде Энесай тексттерин жана анын котормолорун, грамматикалык очерктерин, сөздүгүн биринчилерден болуп публицистика түрүндө жарыялайт.

Ушул жазмаларга В.Томсен, Х.Н.Оркун жана С.Е.Малов дагы кайрылышкан. В.Томсен Барык дарыясы, Элегес жана Хая-бажы аска эстеликтеринин окулушуна түзөтүү киргизген. Ал эми Х.Н.Оркун Хакасиядан табылган 15 эстеликти, Тувадан табылган 27 эстеликти өзгөртүлгөн вариантта окуу аркылуу котормосун кошо берет. Х.Н.Оркун С.В.Кисилев тарабынан окулган тексттер менен бирге Теле, Элегес, Кызыл-Чире жана Коже-Хову эстеликтерин окуп которот (17,1952).

Энесай жазма тексттери орто көлөмдү камтыган. Бир канча эле саптардан түзүлгөн. Эң чоң текст Уйбат (III) (№ 32) эстелиги 400 белгиден турат.

Эң чоң Энесай жазуулары – эпитафиялар. Бул жазууда адегенде өлгөн адамдын аты жазылып, анын өмүрү баяндалат.Улуу жүрүштөрүн, эрдигин даңазалап, баатырды тууганы жактан аза күтүп эскеришет. Энесай тексттери арман, күйүт ырлар тибинде жазылгандыктан, тексттердин тили өтө жөнөкөй жана баяндоо тибинде жазылган. Композициялык түзүлүшү жагынан үзүк-үзүк фразаларды чагылдырган. Логикалык жактан толук байланышпай, конструкциялык бир бүтүндүктү түзбөй калган тексттер да жок эмес.

Демек, бул эскерүүлөрдөн биз жазма алгач Энесайда жаралып, алгач энесайлыктар колдонгондон бир тамганын бир нече варианттары, айрым тексттер чар жайыт жазылганынан улам, жазуу пайда болуу жана калыптануу мезгилинде Орхонго тараган деген тыянакка келебиз.

С.В.Киселев В.В.Радловдун "Энесай жана Орхон жазмалары бир убакта катар колдонгон" деген оюн кубаттоо менен, Кемчиктен Кара Иртышка чейин жана Кара Иртыштын өзүндө да таш жазуулардын кездешпей турганын, рун жазмаларынын таралышы, жазуунун мекени катары Жети-Суу аймагын белгилейт. Энесай жазмалары эң байыркы эстелик катары палеографиялык белгиси боюнча Талас эстеликтерине жакындашып, орхон алфавиттерине караганда тамгалык белги-формалары ырааттуу иштелип жазылган.

Алфавиттин таралуу жолу, өнүгүшү жөнүндө А.Гобен В.В.Радлов менен С.В.Киселевден айырмаланып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келет: 1.Талас, 2.Энесай, 3.Орхон (16, 1970, 122-125- беттер).

Энесай, Орхон, Талас эстеликтеринин жазуусу бир болгону менен, алардын почерктик өзгөчөлүгү бар экендиги ырас. Ошого карап Энесай эстеликтери Орхон эстелигинен мурда пайда болгон деген пикирди И.А.Батманов айтса, бул жазуу чыгыштан батышка эмес, батыштан чыгышка таралган дейт А.М.Үербак.

Хакас, Тува жана Монголия эстеликтери менен Орхон эстеликтеринин тамгалык белгилерин салыштырганда, биз Хакас, Тува, Монголия эстеликтеринин алфавити Орхон алфавитинен өзүнүн графикалык белгилеринин түрдүү вариантта кездешкени үчүн айырмаланып турарына күбө болдук.

"Энесай эстеликтеринин мүнөзү, - деп жазган С.Е.Малов, - кыргыз элинин байыркы маданий байлыгын чагылдырат жана аны тереңден таанып-билүүгө жардам берет" (17, 1952, 3-бет).

Улуу түрколог окумуштуу С.Е.Малов көп жылдык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында: "Белгилүү окумуштуулар академик В.В.Радлов менен профессор В.Томсенден кийин Энесай эстеликтери кыргыз тилине таандык эмес деп

эсептөөгө менин эч кандай акым жок", - деп айтат (17, 1952, 3-бет).

VII к. кыргыздар уйгурларды өзүнө каратып, кыргыз каганатынын түзгөндүгү тарыхтан бизге белгилүү. Бирок бул аймакта кыргыздар менен тофалар (карагастар) жана тувалыктар дагы болгон. Бул уруу тилдер тилдик диалектиси боюнча бири-бирине өтө жакын болушкан. Тилчи-тюрколог катары С.Е.Малов бардык уруулар кыргыз каганатына баш ийип тургандыгын эскертет.

Адабияттар:

1. Батманов И.А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. -Ф., 1959.

2. Иванов П.П. Материалы по археологии котловины Иссык-Куля. //Труды Института истории АН Киргиз ССР, вып III, -Фрунзе, 1957.

3. Масон М.Е. К истории открытия древнетюркских надписей в Средней Азии. –М -Л., 1936.

4. Бернштам А.Н. Новое эпиграфические находки из семиречья. //Эпиграфика Востока. -П., 1948.

5. Кожемяко Н.Н. Письмо на камне. //Советская Киргизия. №244, 15-октябрь, 1961.

6. Винник Д.Ф., Кожемяко П.Н. Памятники древнетюркской письменности из урочиүа Айыртам-Ой, жыйнакта: Новые эпиграфические находки в Киргизии (1961). -Фрунзе, 1962.

7. Жумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии, вып. 1. -Фрунзе

8. Баруздин Ю.Д. Находки на юге Киргизии. Новые эпиграфические находки в Киргизии. 1961.

9. Бернштам А.Н. Новые древнетюркские и китайские эпиграфические находки. //Эпиграфика Востока, 1958.

10. Батманов И.А. и др. Современная и древняя Енисейка. -Фрунзе, 1962.

11. Бернштам А.Н. Древнетюркский документ из Согда. //Эпиграфика Востока. 5. 1951.

12. Үербак А.М. Несколько слов о приөмах чтения рунических надписей, найденных на Дону. //Советская археология, XIX, 1954.

13. Эрдейн Иштван. Новая руническая надпись из Венгрии. //Эпиграфика Востока, XII, 1958.

14. Айтматов Чыңгыз Аскада калган аңчынын зары (кыргызча), Кызыл Суу кыргыз басмасы, 2001-жыл, 7-ай.

15. Кононов А.Н Грамматика языка тюркских рунических памятников VII-IX вв. -Ленинград, 1980.

16. Малов С.Е. Енисейская писменность тюрков. –М -Л., 1952.

17. Стеблева И.В. Поэзия тюрков VI - VIII вв. -Москва, 1965.